**Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылына арналган "Ысык-Көл балдардын көзү менен-2019" балдардын коомдук уюмдарынын жана бирикмелеринин лидерлеринин эл аралык слётунун жана пленэрдик практиканын**
**ЖОБОСУ**
**Кыргызстан, 1-7 июль 2019-жыл, Ысык-Көл, "Барчын" БЭСДК.**

1. **Слёттун жана пленэрдик практиканын уюштуруучулары:**

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги
- «Балажан» Республикалык эстетикалык тарбия берүү окуу-усулдук борбору – ЮНЕСКОнун Кыргызстандагы Алгачкы клубу

**Слёттун жана пленэрдик практиканын өнөктөштөрү:**

- ЮНЕСКО клубдарынын Азиялык-Тынч океандык Федерациясы жана Ассоциациясы (Кыргызстан**)**;
- Каз ФУГА;
- ЮНЕСКОнун Кыргызстандагы Клубдарынын Ассоциациясы;
- КРнын маданият, туризм жана маалымат министрлиги;
- Бишкек шаарынын мэриясы;
- Республикалык МАИ;
- «Барчын» балдардын эл аралык спорттук, ден-соолук чыңдоочу комплекси («Барчын» БЭСДК).

2. **Багыты:** социалдык-педагогикалык

3. **Слёттун жана пленэрдик практиканын максаты:**

Балдардын өспүрүмдөрдүн ички дараметин кеңири ачуу үчүн шарт түзүү, баланын лидерлик башатын балдардын өз алдынча таанып билүүсүнө, өнүгүүсүнө, өзүн ишке ашырууга жана өзүн тарбиялоого багытталган социалдык-маанилүү ишмердик аркылуу аныктоо жана ишке ашыруу. Атайын уюшулган жайкы лагердин шартында практикалык ишмердикте өз алдынча билим алуу жолу менен балдардын коомдук бирикмелеринин лидерлерин, социалдык педагогикалык коштоо үчүн мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатуу жана өз алдынча өнүктүрүү, жаш сүрөтчүлөрдүн жана кол өнөрчүлөрдүн сүрөт өнөрүнө болгон жөндөмүн жана шыгын арттыруу, пленэрдик практиканын негизинде балдардын көркөм сүрөт чеберчилигинин дараметин өстүрүү.

**4. Милдеттери:**

-балдардын лидерлик жана чыгармачыл дараметин, билгичтиктерин жогорулатуу;
-балдарды алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдүн балдардын коомдук бирикмелеринин жана уюмдарынын ишмердиги менен тааныштыруу;
-балдардын баарлашуусу жана тажрыйба алмашуусу үчүн шарт түзүү, социалдык компетенттүүлүгүн калыптандыруу;
-балдардын социалдык-пайдалуу кызыгууларын жана керектөөлөрүн, коомдогу өздөрүнүн социалдык ролун сезүүсүн, өздүк таанып билүүгө, өзүн көрсөтүүгө, өзүн жакшыртууга умтулуусун өнүктүрүү;
-окуучулардын интеллектуалдык өсүүсүнө жана кругозорун кеңейтүүгө жардам берүү, демилгечдигин, максатка умтулуучулугун, көз карандысыздыгын, өзү жана айланасындагы адамдар үчүн жоопкерчилигин өнүктүрүү;
- балдардын коомдук бирикмелеринин жана уюмдарынын лидерлеринин ишмердигине коомчулуктун көңүлүн буруу;
- пленэрдик практиканын негизинде балдардын сүрөт, живопись жана композиция боюнча билимдерди жана көнүмдөрдү бекемдөө жана тереңдетүү, көркөм сүрөт каражаттарына ээ болууну андан ары калыптандыруу, түрдүү өлкөлөрдүн талanttуу балдарын мамилелештирүү, ошондой эле педагог-сүрөтчүлөрдүн усулдук, окуу, чыгармачылык ишиндеги тажрыйбалары менен алмашуусуна шарт түзүү.

5. **Жалпы жобо**

Азыркы мезгилде заманбап коом жана мамлекет социалдык активдүү жаш жарандарды калыптандырууга кызыктар. Себеби келечекте жаш лидерлер гана тез өнүгүп жаткан коомдун социалдык-экономикалык, илимий жана жалпы маданияттык маселелерин чечүү жоопкерчилигин өз мойнуна алышат. Ушуга байланыштуу лидерлерди аныктоо жана балдар уюмдарында лидерликти өнүктүрүү маселеси зор социалдык мааниге ээ болууда. Бул маселе толук түрдө инсанды коомго аралаштырууга жардам берет, ал эми лидерлик жөндөмдү өнүктүрүү жаңы экономикалык шартта инсандын мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатат. Балдардын көркөм сүрөткө жана кол өнөрчүлүккө кызыгуусун арттыруу аркылуу коомдогу чыгармачыл адамдардын өсүшүнө жана балдарга келечектеги кесипке багыт берүүгө кеңири жол ачылат.

**5.1. Слёттун жана пленэрдик практиканын алкагында төмөнкү иштер уюштурулат:**

- балдардын активдүү эс алуусу жана ден-соолугун чыңдоо;
- чыгармачыл жөндөмүн өнүктүрүү, кругозорду кеңейтүү;
- маданий байланыштарды бекемдөө;
- балдар уюмдарынын ишмердиги жөнүндө маалымдоо;
- маалымат алмашууну уюштуруу;
- ар түрдүү маданий эс алуу жана дене тарбия иш чараларын өткөрүү;
- пленэрдин жыйынтыгы боюнча сүрөттөрдүн жана кол өнөрчүлүктүн көргөзмөсү өткөрүлөт;
- “Ысык-Көл балдардын көзү менен” сүрөт жана кол өнөрчүлүк сынагы өтөт.

Сынактар аталмалар боюнча бөлүнгөн. Сынактын бардык жеңүүчүлөрү баалуу белектер, дипломдор, мактоо баракчалары менен сыйланышат. Эң алдыңкы жамааттардын жетекчилери Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин ыраазычылыгы жана мактоо баракчасына ээ болушат.

**Пленэрдик практиканын педагогикалык камсызданышы:** Пленэрди жана чеберканаларды Кыргызстандын Эл сүрөтчүсү, профессор Шыгаев Юристанбек жана чет өлкөлөрдүн искусствосунун Эмгек сиңирген ишмерлери өткөрүшөт.

**Пленэрдин катышуучулары:** планшет же чапталма- папка, жыйналма отургуч жана пленэр узарыл болгон бардык материалдарды алып келүүлөрү керек.

**5.2. Эл аралык слёттун жана пленэрдик практиканын программасына кирет:**

<u>Тренингдер жана мастер-класстар</u>:

-курбулаштары менен баарлашуу;

-лидерлик сапаттарды өнүктүрүү;

-балдардын уюштурууучулук жөндөмүн өнүктүрүү;

-чыгармачыл жөндөмдөрдү жана көмүскө таланттарды өнүктүрүү.

<u>иш чаралар:</u>

-балдардын социалдык долбоорлорунун сынагы;

- социалдык-педагогикалык долбоорлорунун сынагы;

- балдардын коомдук бирикмелеринин жана уюмдарынын уюштургуч-педагогдору үчүн семинар-практикум;

- балдардын коомдук бирикмелеринин жана уюмдарынын уюштургуч-педагогдору үчүн социалдык-педагогикалык долбоорлорду иштеп чыгуу жана ишке ашыруу маселелери боюнча жекече кеңештер.

**5.3. Эл аралык слёттун жана пленэрдик практиканын программасындагы мүмкүнчүлүктөр:**

- балдардын жана мугалимдердин уюштурууучулук жөндөмдөрүн жана лидерлик сапаттарын практикада бекемдөө;

- балдардын коомдук бирикмелеринин жана уюмдарында иштөө тажрыйбаларын жакшыртуу;

- болуп жаткан актуалдуу көйгөйлөрдү талкуулоо;

- балдардын коомдук бирикмелеринин жана уюмдарынын ишин уюштуруунун кызыктуу формаларына жана ыкмаларына ээ болуу;

- көркөм сүрөт өнөрү боюнча балдардын чыгармачыл жөндөмдөрүн өнүктүрүү жана кошумча билим берүү мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу үчүн шарт түзүү.

Эл аралык слёттун жана пленэрдик практиканын катышуучулары окутууну өткөндүгү туралуу сертификат алышат.

**5.4. Өткөрүү убагы:** 1-7 июль 2019-ж.

**5.5. Өткөрүү орду:** «Барчын» БЭСДК ( дареги: Сары-Ой а., Ысык-Көл областы, Кыргызстан)
**5.6. Слёттун жана пленэрдик практиканын катышуучулары:**
-Кыргызстандын, алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдүн балдар коомдук бирикмелеринин жана уюмдарын лидерлери, коомдук кыймылга активдүү катышкан, мектеп бирикмелеринде иш тажрыйбасы бар жана лидерлик сапаттарын көрсөткөн, балдар жана өспүрүмдөр;
- социалдык жана социалдык-педагогикалык республикалык, областтык, регионалдык сынактарынын жеңүүчүлөрү;
- балдар коомдук бирикмелеринин жана уюмдарынын педагог-уюштуруучулары.
Ошондой эле:
- Кыргызстандын, алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдүн мектептеринин жана кошумча билим берүү уюмдарынын көркөм сүрөт өнөр жана кол өнөрчүлүк ийримдеринин жана студияларынын мугалимдери жана окуучулары.
**5.7. Катышуучулардын жашы:** 9-15 жаш.
Ар бир өкүлчүлүк 12-25 катышуучудан жана 1 жетекчиден турат.

**6. Слётту жана пленэрдик практиканы уюштуруу жана өткөрүү:**
**6.1.**Слётту жана пленэрдик практиканы уюштуруу, даярдоо жана өткөрүүнү координациялоону сынакты уюштуруу, даярдоо жана өткөрүү боюнча уюштуруу тобу ишке ашырат (мындар ары Уюштуруу тобу)
**6.2. Слёттун жана пленэрдик практиканын уюштуруу тобу:**
Слётту жана пленэрдик практиканы уюштурууну, даярдоону жана өткөрүүнү координациялайт жана жалпы планын бекитет: даярдоо жана өткөрүү ишин уюштурат, өткөрүү ордун, убагын жана узактыгын, катышуучулардын санын, катышуунун шарттарын, өтүнмөнү, башка зарыл иш кагаздарды берүү тартибин жана убагын, аныктайт; слёттун жана пленэрдик практиканын программасын, социалдык жана социалдык-педагогикалык долбоорлордун жана пленэрдик практиканын жыйынтыгы боюнча “Ысык-Көл балдардын көзү менен” сынактарын, иш өткөрүү шарттарын, сыйлык орундардын санын, сынактардын түрү боюнча жеңүүчүлөрдү сыйлоо тартибин ыйгарылган атайын жана кызыктыруучу сыйлыктардын тизмесин, ошондой эле сынакты уюштуруунун жана өткөрүүнүн башка шарттарын бекитет; сынактардын калыстар тобунун курамын бекитет, слёттун жана пленэрдик практиканын катышуучуларынын өмүр жана ден-соолук коопсуздугун камсыздоо боюнча ишти уюштурууга жардам көрсөтөт.
**6.3.** Сынакты уюштурууну, даярдоону жана өткөрүүнү Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин «Балажан» Республикалык эстетикалык тарбия берүү окуу-усулдук борбору (мындан ары «Балажан» РЭТОУБ) түздөн-түз ишке ашырат.

**7. Өтүнмөнү берүү жана уюштуруу төгүмүн төлөө тартиби жана убагы:**
“Ысык-Көл балдардын көзү менен” слёттун жана пленэрдик практиканын уюштуруу төгүмүнүн суммасы 6980 сомду түзөт.
Жашоо шарты бардык ыңгайлары бар 2-3-4 орундуу бөлмөлөрдө («Барчын» БЭСДКде);
5 жолу «Барчын» БЭСДКде тамактануу
Жол жүрүү шарты: (автобус) Бишкек шаарында, Бишкек шаарынан «Барчын» БЭСДКке чейин жана кайра кайтуу катышуучулардын жалпы колоннасында МАИнин коштоосу менен.
**Көңүл бургула!** *Этно-карнавалга келген учурда бардык уюштуруу маселелери түздөн-түз топтун жетекчиси менен чечилет.*
Этно-карнавалга катышууга жана автобустагы орунга өтүнмөнү, ошондой эле уюштуруу төгүмүнүн 30%ын 2019-жылдын 1-мартына чейин жиберүү зарыл. Уюштуруу төгүмүнүн калган бөлүгүн – 70%ы 2019-жылдын 1-майына чейин төлөнөт.
Өтүнмөнү balajan@mail.ru электрондук почтасына жөнөтүңүздөр:
Жиберилген өтүнмөлөргө ылайык, уюштуруучулар 15-апрелге чейин слёттун жана пленэрдик практикага катышууга расмий чакыруу жиберишет. Расмий чакыруу алган өкүлчүлүктөр слёттун жана пленэрдик практиканын катышуучулары болуп саналышат.
Катышуучулардын слёттун жана пленэрдик практиканын өтүү ордуна чейинки жол киреси жөнөтүүчү тараптын же катышуучулардын өз эсебинен жүргүзүлөт.

**8. Слёт жана пленэрдик практика боюнча материалдар** «Балажан» РЭТОУБдун [www.balajan.kg](http://www.balajan.kg) сайтында жайгаштырылган. Сурамжылоо телефондору: +996(312)383260, + 996(312)486475, жооптуу: Молдалиева Замиркуль Абыкановна, Исалиева Назира Жанышовна +996 (550) 477407

**9. Иш чаранын маалыматтык камсызданышы:** баннерлер, иш чара жөнүндө маалымат кермелери, ЖМКда чагылдыруу.

**10. Кошумча маалымат.**
Катышуучулардын каалоосу боюнча көлдүн үстүндө кайыкка түшүү жана тоо капчыгайларына экскурсияга баруу жол баракчанын баасына кирбейт, ал чыгымдар слётко жана пленердик практикага келген учурда, катышуучулардын эсебинен төлөнөт.
Болжолдуу баасы:
-кайыкка түшүү: бир адамга 10 $ ;
-тоо капчыгайларына экскурсия - бир адамга 15$ дан 22$ га чейин.

**11. Корутунду жобо.**
Нагыз жободо жазылган бардык маселелер уюштуруу тобу менен өзүнүн компетенциясына ылайык түзүлгөн жагдайга жараша чечилет.

**«Ысык-Көл балдардын көзү менен-2019» Эл аралык слёттун жана пленэрдик практикага катышууга**
**Өтүнмөнүн үлгүсү**
**1-7 июль 2019-ж. Кыргызстан**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Өлкө | | Уюмдун, мекеменин, ийримдин студиянын, лидерлик топтун аталышы | |
| Область, шаар | | Ийримдин студиянын, лидерлик топтун аталышы | |
| Коштоочу адам Аял, эркек | | Байланыш маалыматы (иштеген жери, кызматы, тел. уюлдук байл.) | |

| № | Катышуучулардын фамилиясы, аты | Туулган жылы, ай | Аял | Эркек | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| | | | | | |

| | |
|---|---|
| Келүү күнү | |
| Келүү убактысы | |
| Келүү орду | |
| Келүү унаасы | |

| Автобустагы орундарга өтүнмө | Бир жагына | Эки жакка | Балдар. саны | Чондордун саны | Бардык орун |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |

Биздин байланыш: Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Москва көчөсү 53
+996 (312) 383260, +996 (312) 881211, +996 (312) 486475 факс +996 312 486319
e-mail balajan@mail.ru. сайт [www.balajan.kg](http://www.balajan.kg)